**2024-жылдын жыйынтыгы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо жөнүндө маалымат.**

2024-жылдын 12 айына ҮМБ/ҮДТдун тарабынан 1732,2 миң жеңилдетилген рецепт, анын ичинде ММКнын Кошумча программасы боюнча боюнча 1551,4 миң рецепт (90%), Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча 180,7 миң рецепт (10%) жазылып берилген. Акыркы 3 жыл ичинде МКП боюнча жеңилдетилген рецепттеринин жазылышынын төмөндөө темпин белгилей кетүү керек: 2022-ж.-182,6 миң, 2023-ж.-104,5 миң. 2024-ж.-102,2 миң рецепт. Туура салыштыруу үчүн, акыркы көрсөткүч 2024-жылга Бисопрололго рецепттерди эсепке албаганда, отчеттук жылдын акыркы айларында МКПна которулган.

ММК боюнча рецепттердин жазуу темпи олуттуу өзгөрүүсүз калууда: 1631,2 миң рецепт – 1636,4 миң рецепт – 1630,0 миң рецепт 2022-жылдан 2024-жылга чейин.

Отчеттук жыл ичинде Ош облусу боюнча жазылып берилген рецепттердин саны 436,9 миң түздү (25% ), Жалал-Абад облусу боюнча 309,4 миң рецепт (18% ), Бишкек шаары -285,8 миң рецепт(16% ), Баткен облусу -222,8 миң рецепт (13%), Чүй облусу-175,1 миң рецепт (10%), Ысык-Көл облусу -150,8 миң рецепт (9%), Нарын облусу - 86,5 миң рецепт (5%) жана Талас облусу- 64,3 миң рецепт (4% )

**ММКнын Кошумча программасы боюнча калктын камсыздандырылган** категориясына карата жазылып берилген рецепттердин максималдуу саны пенсионерлерге 408,2 миң рецепт (26%), иштегендерге жана жеке ишкерлерге 314,4 миң рецепт (20%), фермерлерге 198,9 миң рецепт (12%), балдарга жана студенттерге 124,6 миң рецепт(8%), социалдык жөлөкпул алган адамдарга 89,6 миң рецепт (6%) туура келди.Кош бойлуулукка байланыштуу диагноз менен жазылып берилген ММК боюнча 312,6 миң рецептти (20%) түздү. Ошол эле учурда 427,8 миң камсыздандырылган категориядагы бейтаптар жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздалган, бул 6%ды түздү. Камтуунун максималдуу көрсөткүчү Баткен облусунда 12%, Ош облусунда 11%, Бишкек шаарында 10%, Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Нарын облустарында 9%, Талас облусунда 8% жана эң төмөнкү көрсөткүч Чүй облусунда – 6%, мында 785,2 миң катталган калктан 44,4 миң рецептерин алышкан.

**Нозология боюнча жеңилдетилген категориядагы оорулуулар боюнча:** эпилепсия менен ооругандарга 35,6 миң рецепт (20%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 27,2 миң (15%), психикалык бузулуулар менен ооругандарга 25,6 миң (14%), онкологиялык оорулуулар үчүн 13,6 миң рецепт (8%) жана 2024-жылдын июлунан тартып Гипертониялык оорулууларга (Бисопрололго) 78,6 миң рецепт (43%) жазылып берилген.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча бейтаптардын социалдык категорияларына жазылган рецепттер социалдык жөлөкпул алгандар үчүн рецепттердин максималдуу санын көрсөткөн – 40,4 миң рецепт (22%), иштегендерге 28,5 миң (16%), пенсионерлерге 53,6 миң (30%), фермерлерге 19,6 миң (11%).

Бардык жазылгандардан сатылган рецепттердин үлүшү орточо 83%ды түздү (1433,6 миң рецепт). Региондор боюнча сатылган рецепттердин үлүшү 76% (Ысык-Көл облусу), 89% (Жалал-Абад, Ош облустары) чегинде болгон.

Электрондук рецепттердин маалымат базасынан тандоого ылайык, 2024-жылдын 12-айынын сатылган рецепттер боюнча ордун толтуруу суммасы 453,6 млн сомду түздү, анын ичинде МКПнын рецепттери боюнча 59 млн сом (13%), ММКнын КП боюнча 394,6 млн сом (87%).

Ошол учурда, максималдуу сумма Ош облусуна 23% (102,8 млн.сом) жана Жалал-Абад облусуна 21% (97,1 млн. сом), Бишкек шаарына 18% (80,9) млн сом, Чүй облусуна 12% (55,2 млн. сом), Баткен облусуна 10% (46,2 млн. сом), Ысык-Көл облусуна 7% (31,8 млн), Нарын облусуна 5% (24,1 млн.), Талас облусуна 3% (15,5 млн сом) туура келди.

Жеңилдетилген категориядагы оорулуулардын ичинен онкологиялык оорулууларга ордун толтуруу суммасы 10777,2 миң сомду (18%), эпилепсия менен ооругандарга 11659 миң сомду (20%), бронхиалдык астма менен ооругандарга 8896,2 миң сомду (15%), психикасы бузулган бейтаптарга 6842,4 миң сомду (12%) жана 2024-жылдын июль айынан тартып Бисопрололдун рецепттери боюнча компенсациянын суммасы 20856,4 миң сомду (35%) түздү.

Калктын камсыздандырылган категорияларынын арасында пенсионерлерге сатылган дары-дармек каражаттары үчүн компенсациянын өлчөмү 99263 миң сомду (25%), иштеп жаткандарга жана жеке ишкерлерге 83778,9 миң сомду (21%), балдарга жана студенттерге 34999,3 миң сомду (9%), фермерлерге 48777 миң сомду (12%), социалдык жөлөкпул алгандарга 24841,4 миң сомду (6%) түздү. Кош бойлуулук менен байланышкан диагноз менен жазылып берилген жана сатылган ММК рецептери боюнча компенсациянын өлчөмү 65439,5 миң рецептти (17%) түздү.

МКП рецепттери боюнча компенсациянын орточо деңгээли 88% ды (Бисопрололго рецепттерди эсепке алуу көрсөткүчүн кошпогондо), ММК рецепттери боюнча 61% ды түздү.

**Онкологиялык оорулууларды дары-дармек менен камсыз кылуу.** Жылдын жыйынтыгы боюнча ооруну басуучу дары-дармектерге 23,6 миң рецепт, анын ичинде МКП боюнча онкологиялык оорулууларга 13,7 миң рецепт жазылып берилген.

Ошол эле учурда, Трамадолго 6,4 миң рецептти (27%), Морфинге 4,9 миң (21%), Кетопрофенге 11,9 миң (51%), Промедолго 0,4 миң (2%) түздү.

Сатылган рецепттердин үлүшү 91% ды түздү, б.а. 23,6 миң жазылып берилген рецепттин ичинен 21,4 миң рецепт сатылган. Промедолго 11% (46 рецепт) жана Кетопрофенге 12% (1431 рецепт) талап кылынбай калган.

МКП боюнча онкологиялык оорулууларга сатылган ооруну басаңдатуучу дары-дармектер боюнча ордун толтуруу суммасы 10777,2 миң сомду түздү, анын ичинде Морфин үчүн 5567 миң сом (52%), Трамадол 3135,4 миң сом (29%), Кетопрофен 2074,4 миң (19%).

Ордун толтуруунун орточо деңгээли 89% ды түздү, пациенттин орточо төлөм дээңгели дары-дармектин наркынын 11% түздү.

Жыл ичинде Трамадолдун сатылган жеңилдетилген рецепттери боюнча чыгым 13,7 кг, Кетопрофен - 36,7 кг, Морфин -1,4 кг, Промедол -122 граммды түздү.

**Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого багытталган каражаттарды өздөштүрүү.** Дары каражаттар менен камсыз кылуунун жеңилдетилген программаларына багытталган каражаттар ММКнын Кошумча программасы боюнча 98% га жана Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча 69% га өздөштүрүлгөн.

**МКП каражаттарын өздөштүрүү:**Жазылып берилген жана сатылган электрондук рецепттер боюнча маалымат базасына ылайык иш жүзүндө сатылган дары-дармек каражаттары боюнча ордун толтуруу суммасы 48,6 млн сомду түздү, бул 70 млн сом суммасында каралган каражаттардын 69% түздү. Эң начар көрсөткүчтөр Чүй облусу

боюнча 37% (6,35 млн сом пландалган көлөмдөн компенсациянын иш жүзүндөгү суммасы 6,0 млн сом), Ош облусу боюнча 51% (16,36 млн сомдон 8,3 млн сом ), 100% өздөштүрүү жана андан жогору 3 региондо (Бишкек шаары 103%, Жалал-Абад облусу 102%, Нарын облусу 100%). 71% -81% ын Баткен (4,5 млн сомдон 3,2 млн сом), Ысык-Көл (6,1 млн сомдон 4,3 млн сом) жана Талас (2,1 млн сомдон 1,7 млн сом) облустарында өздөштүрүү түздү.

**ММКнын Кошумча программасынын каражаттарын өздөштүрүү:**
2024-жылдын 12 айынын отчеттук маалыматтары боюнча дарыканаларга сатылган дары-дармек каражаттары үчүн компенсациянын суммасы 398,1 млн.сом төлөнүп берилген, бул 403,94 млн сом өлчөмүндөгү такталган жылдык бюджеттин 98%ын түздү. Эң начар көрсөткүчтөр Чүй облусу боюнча 71% (60,3 млн иш жүзүндө 43,0 млн), Талас облусу боюнча 85% (15,2 млн иш жүзүндө12,96 млн), Ош облусу боюнча 88% (101,57 млн иш жүзүндө 89,7 млн). Калган региондордо такталган жылдык бюджеттин 93%-134% өздөштүрүлгөн.

**Дары-дармек менен камсыз болгон бейтаптардын жеңилдетилген категориясын камтуу.** Каттоодо турган 31326 бейтаптын ичинен (2024-жылдын июлуна карата) 26347 бейтап жеңилдетилген рецепттерди алышты, бул 84% ды түздү. 16% (же 4979 бейтап) жеңилдетилген шартта дары-дармек каражаттарын алышкан эмес. Адатта онкологиялык оорулууларды камтуу 100% дан ашыкты түздү, б.а. рецепттер жыл ичинде жаңы каттоого тургандарга жазылат, калган категориялар боюнча камтуу БА оорулуулардын 79%ын, психикалык оорулуулардын 59%ын жана Эпилепсия менен ооругандардын 94%ын түздү. Дээрлик бардык 8 региондо психикалык бузулуулары менен ооругандарды камтуу пайызы төмөн. Рецепттердин аз жазылышынын бир себеби - дарыканаларда жоктугу жана дары-дармек каражаттарынын (Циклодол, Азалепитин, Ривотрил, Вальпрой кислотасы, Карбамазепин, Клозапин, Беклометазон) тез-тез үзгүлтүккө учурашы. Мисалы, амитриптиллинге жазылып берилген рецепттердин санынан болгону 38%, Галоперидол май эритмеси 18%, Галоперидол суу эритмеси 69%, Клозапин 73%, Беклометазон 76%, Преднизолон 67% сатылган.

Оорулууларды камтуунун төмөнкү көрсөткүчү Ош облусу боюнча 65% (6233 оорулуулардын ичинен 4074 рецепт алган) жана Чүй облусу боюнча 64% (6576 оорулуу лардын ичинен 4206 рецепт алган) белгиленген. Калган региондордо көрсөткүч 84% - 109% чегинде.

**Дарыкана тармагы.** Отчеттук жылдын ичинде Дарыкана уюмдары менен келишим кайра каралып, бекитилди (ММК фондунун 2024-жылдын 18-декабрындагы №260 буйругу менен бекитилген). 2025-жылдын январына карата фармацевтикалык уюмдар жана жеке ишкерлер менен 155 келишим түзүлүп, чекене тармагы 267 дарыкана, 735 дарыкана пункттары түзүлгөн. Акыркы кварталда келишимдердин саны 25 бирдикке кыскаргандыгын белгилей кетүү керек. Көрсөткүчтөр өзгөрүүсүз калган Бишкек шаарын жана Ысык-Көл облусун кошпогондо, бардык региондор боюнча көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү белгиленген. Республиканын алыскы региондорунда жеңилдетилген рецепттер менен иштеген дарыканалардын жоктугу мурдагыдай эле көйгөй бойдон калууда. Алсак, 164 калктуу пунктта иштеп жаткан саламаттык сактоо уюму болгон учурда дарыгердин электрондук рецепти боюнча жеңилдетилген дары-дармектерди сатуучу дарыканалар жок.

**Тандоо жана жаңы дары-дармектер.** 2024-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 4-июнундагы №589 буйругу менен

бекитилген планга ылайык, орду толтурулган жеңилдетилген дары-дармек каражаттарынын тизмесине киргизүү үчүн дары-дармек каражаттарын тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Тандоо жаңы иштелип чыккан методикага ылайык жүргүзүлдү жана таасир этүүнүн натыйжалуулугун жана колдонуунун коопсуздугун далилдөөчү базаны баалоонун 5 критерийи боюнча сапаттуу дары-дармек каражаттарын талдоого жана тандоого негизделген.

Ошентип, бардыгы болуп 30 өтүнмө келип түшкөн, алардын ичинен 6 арыз сапатсыз тариздселгендигине байланыштуу четке кагылган, 2 бирдей эл аралык аталыштагы дары-дармек каражатары жана 1 дары-дармек буга чейин Маалымдамада болгон. Ошентип, 21 өтүнмө экспертизадан өттү жана натыйжада дары-дармектин эл аралык аталыштарды көрсөтүү менен 18 аталыш күтүү тизмесине кирди, анын ичинде жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын тизмесинде камтылбаган 7 аталыш. Башка 11 аталышта дарылоонун наркы Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун Кошумча программасынын бюджетине эсептелген. Жыйынтыгында 3 дары (Альпразолам, Валсартан, Лозартан) босоголук мааниден ашып, күтүү тизмесинде калды, 8 эл аралык аталыштагы дары-дармек каражаттары орду толтурулуучу дары-дармек каражаттарынын Маалымдамасына кирди (Леводопа+Карбидопа, Рисперидон, Пароксетин, Эскиталопрам, Карведилол, Мемантин, Латанопрост, Левотироксин). Күтүү тизмесинде калган дары-дармек каражаттары жеңилдетилген тизмени кийинки кайра кароонун жүрүшүндө каралат.

Ошентип, 2025-жылдын 1-январына карата жеңилдетилген дары-дармектердин Маалымдамасында 74 эл аралык аталыштагы дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдардын 3 түрүнөн турат.